**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЧҮЙ РАЙОНУ**
**БУРАНА**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЧУЙСКИЙ РАЙОН**
**БУРАНИНСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Дөң-Арык а. с.Дон-Арык

Бурана айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги сессиясынын отуруму

**ТОКТОМ**

2023-жыл « 12 » сентябрь № 41

Элдик курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин курамын жана өткөрүү графигин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин С.Н.Жапаровдун 2022-жылдын 15-августундагы №284 "Элдик курултайды чакыруу жөнүндө" Жарлыгына ылайык, 2023-жылдын 6-сентябрындагы №1 Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин чечимин аткаруу максатында, Элдик курултайды өткөрүү жана жумушчу топтун курамын бекитүү жөнүндө маселесин карап жана талкуулап Бурана айылдык кеңеши токтом кылат:

ТОКТОМ

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин С.Н.Жапаровдун 2023-жылдын 29-августундагы №215 "Элдик курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгына ылайык,Элдик Курултайга делегат шайлоо жана айыл аймактарында Элдик Курултайды уюштуруу боюнча жумушчу топтун курамы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Элдик Курултай өткөрүү боюнча атайын уюштуруу комитетинин Жобосуна жана талаптарына ылайык, Бурана айыл аймагына караштуу Дөң-Арык,Мээнеткеч, Алга,Бурана айылдарында жергиликтүү Элдик жыйындарды өткөрүү графиги №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Айыл аймактарда календардык планга ылайык Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча Жергиликтүү курултай өткөрүүнүн уюштуруу жагы жумушчу оптун курамына милдеттендирилсин.
4. Айылдарда Жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча чогулуштарды жана Жергиликтүү курултайда Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо учурунда мыйзамдуулукту камсыз кылуу,коомдук тартипти жана коомдук коопсуздукту сактоо боюнча аймактык тескөөчү С.Бейшеевке жүктөлсүн.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

Төрага А.Б.Исагалиев

Таркатуу:көктөмө, а/ө башчысы,топтун курамы -баардыгы 3 нуска

Бурана айылдык кеңешинин
2023-жылдын 12-сентябрындагы
№ 41 -токтомуна №1 тиркеме

**Бурана айыл аймагында Элдик Курултай уюштуруу боюнча жумушчу топтун курамы**

1. Исагалиев Алмаз Бейшекеевич – айылдык кеңештин төрагасы,жумушчу топтун жетекчиси;
2. Чимырбаева Мерим Ниетбековна –айылдык кеңештин жооптуу катчысы-жумушчу топтун катчысы;

**Жумушчу тобунун мүчөлөрү:**

1.Э.Мамбетказиев –айылдык кеңештин депутаты;
2. Юсупова Аида - айылдык кеңештин депутаты;
3. Султангазиева Рахат - айылдык кеңештин депутаты;
4. Исакова Гульмира - айылдык кеңештин депутаты;
5. Аскаров Анарбек –Алга айылынын айыл башчысы;
6. Усубалиев Шейшен – Мээнеткеч айылынын айыл башчысы;
7. Ибраимов Асылбек – Бурана айылынын айыл башчысы;
8. Кусанов Бакыт – айыл өкмөтүнүн аскерге эсепке алуу столунун инспектору
9. Бейшеев Ислам – Элдик көзөмөл уюмунун мүчөсү

Бурана айылдык кеңешинин төрагасы А.Б.Исагалиев

Бурана айылдык кеңешинин
2023-жылдын 12-сентябрындагы
№ 41- токтомуна №2 тиркеме

**Бурана айыл аймагы боюнча Жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жыйындардын графиги**

| № | Айылдардын аталышы | Өтүү убактысы | Дареги |
|---|---|---|---|
| 1 | Дөң-Арык айылы | 17-октябрь 2023-жыл саат 14-00 | Калча атындагы орто мектеби |
| 2 | Мээнеткеч айылы | 18-октябрь 2023-жыл саат 14-00 | А.Жансеитов орто мектеби |
| 3 | Алга айылы | 19-октябрь 2023-жыл саат 14- 00 | Алга айылынын ФАП |
| 4 | Бурана айылы | 20-октябрь 2023-жыл саат 14-00 | Бурана айылынын клубу |

Бурана айылдык кеңешинин төрагасы А.Б.Исагалиев